**Кыргыз Республикасында өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу системасынын ишинин натыйжалуугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө**

Өзгөчө географиялык абалынан жана климаттык факторлорунан, табигый жана техногендик чөйрөлөрдүн өз ара байланышынан улам Кыргыз Республикасында өзгөчө кырдаалдардын социалдык жана экологиялык тобокелдигинин жогорку деңгээли сакталууда.

Талдоо көрсөткөндөй, 2000-2016-жылдары республикада 3 886 өзгөчө кырдаал болду, мында 1 477 адам каза болгон. Жыл сайын тикелей зыян дээрлик 900 млн. сомду түздү.

Кыргызстандын калктуу конуштарынын негизги бөлүгү (95%) сууларга жакын жайгашкан. Селдер, суу ташкындары, суу каптоолор жана жээктин эрозиясы бардык катталган өзгөчө кырдаалдардын 41%ын түзөт (20% – жер көчкүлөр жана таш көчкүлөр, 17% – кар көчкүлөр, 12% – суу каптоолор, 7% – ири өрттөр жана 3% – башка өзгөчө кырдаалдар).

Олуттуу коркунучтардын башка бир булагы болуп кен казуу өндүрүшүнүн уулуу жана радиоактивдүү калдыктары бар 92 объект, коркунучтуу оорулардын очогу бар мал көмүлгөн жайлар, ошондой эле жогорку сейсмикалык активдүүлүк эсептелет.

Техногендик тобокелдиктердин арасында ири өрттөр басымдуулук кылат, жылына дээрлик 4 миң өрт болот, 2006-2016-жылдары андан 844 адам (анын ичинде – 101 бала) каза болгон, 842 адам күйүк жана жаракат алган, материалдык зыян **4 млрд** сомдон ашкан.

Мындан тышкары, азыркы геосаясий абал стратегиялык маанилүү инфратүзүмдү жана башка объекттерди террордук кол салуудан жана диверсиядан коргоо боюнча туруктуу жана активдүү чараларды көрүүнү талап кылууда.

Бүгүнкү күндө мамлекеттик коргоо системасында тынчтык жана согуш мезгилинде мамлекеттин бардык сегменттеринин өзгөчө жана кризистик кырдаалдарга туруктуулугун сактоого багытталган иш-чаралардын комплекси аткарылууда.

2012-2016-жылдары 563 объектте алдын алуучу жана жоюучу иштер жүргүзүлдү, алардын суммасы 1 853 058,8 миң сом болду. 100 028 м коргоочу дамба калыбына келтирилди жана курулду, 114 629 короо-жай, 59 051 га айыл чарба жери, 42 социалдык объект корголду. 2014-жылдан бери “Жашыл долбоордун” алкагында 450 көчөт отургузулду жана 730 гектардан ашык аймакка 2,3 тоннадан ашык үрөн себилди. Анын натыйжасында 6,3 миң турак үй, 40 социалдык объект жана 817 га айыл чарба жери жер көчкүдөн, селден жана уроолордон корголот.

Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңеши белгилегендей, мамлекет жумшаган күч-аракетерге карабастан, республикада болгон өзгөчө кырдаалдардын мүнөзү, жыштыгы жана масштабы, зыяндын жана мамлекеттик ресурстардын сарптоолорунун көлөмү, ошондой эле каза болгон жана жабыр тарткан адамдардын саны азайбай жатат.

Бүгүнкү күндүн шарттары ведомстволук аң-сезимди жана мамлекеттик түзүмдөрдүн функционалдуулугун өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу боюнча чараларга караганда өзгөчө кырдаалды алдын алууга жана коопсуздуктун туруктуу архитектурасын курууга артыкчылык берүү тууралуу түшүнүккө кечиктирбестен өткөрүүнү талап кылат. Ошол эле учурда өзгөчө кырдаалды алдын алуу деп мамлекеттик бир эле органдын – КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин (мындан ары – ӨКМ) ишин гана түшүнбөө керек.

Бүгүнкү күндө ар кандай табигый процесстердин коркунучун азайтуу үчүн 17 587 үй-бүлөнү көчүрүү керек, анын ичинде 13 298 үй-бүлө көчүрүлгөн, 4 289 үй-бүлө көчүрүлгөн эмес (анын ичинде 2 037 үй-бүлө жер участогун жана мамлекеттик субсидияларды алган эмес, ал эми 2 252 үй-бүлө жер участогун жана мамлекеттик субсидияларды алган).

Ошол эле учурда азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын аймагында болгон табигый кырсыктардын кесепетинен жабыр тарткан адамдарга жеке турак үйлөрдү курууга, реконструкциялоого ипотекалык сертификаттарды жана мамлекеттик субсидияларды берүү проблемасы жоюла элек.

Бул контекстте жер пайдалануу жаатындагы мамилелерди жөнгө салган мыйзамдык актыларды кайрадан карап чыгуу талап кылынат, мында мүмкүн болуучу өзгөчө кырдаалдарга алдын ала даярдык көрүүгө, резервдик жер фонддорун түзүүгө басым коюу зарыл.

Дем берүү жана жол-жоболорду жөнөкөйлөштүрүү методдорун колдонуп кыймылсыз мүлккө каттоо документтерин тариздөө боюнча региондордун жашоочуларынын проблемасын чечүү керек.

Мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу пайдалануу кызыкчылыгында кыймылсыз мүлктү өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруунун тартибин кайра карап чыгуу, кыйла жеткиликтүү жана түшүнүктүү кылуу талап кылынат.

“Административдик жоопкерчилик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Кодексинин талаптарына ылайык ӨКМ административдик укук бузуулар жөнүндө иштерди (тиешелүүлүгүнө жараша) кароонун практикасын күнүмдүк ишке киргизиши керек.

Жарандык коргоо системасынын түзүмдүк элементтерин каржылоо күнүмдүк иште жана кырдаал курчуганда анын туруктуу иштөөсүн камсыз кылууга тийиш.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен жана табигый, экологиялык жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалга чара көрүүнүн натыйжалуу системасын түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңеши

**ЧЕЧИМ КЫЛДЫ:**

1. Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министри К.А. Бороновдун маалыматы көңүлгө алынсын.

2. **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 2017-жылдын 1-ноябрына чейинки мөөнөттө** Жарандык коргонуу системасын укуктук жактан жөнгө салуу жана өзгөчө кырдаалдарды болтурбоо, алдын алуу жана жоюу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын функцияларын, ыйгарым укуктарын жана жоопкерчиликтерин тактоо, ошондой эле кооптуу болгон жерлерден жарандарды көчүрүү механизмдерин жана кыймылсыз мүлктү камсыздандырууда камсыздандыруу төгүмдөрүн алуунун тартибин колдонууга киргизүү жана резервдик жер фонддорун түзүү максатында Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү демилгеси сунушталсын.

3. **Кыргыз Республикасынын Өкмөтү**:

**- эки айлык мөөнөттө** министрликтердин жана ведомстволордун, мамлекеттик администрациялар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы функцияларды, ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти бөлүштүрүү, ошондой эле жер пайдалануу, жашоо үчүн коркунучтуу болгон жерлерден калкты өз убагында көчүрүү жана ушул максатта жергиликтүү деңгээлде резервдик жер фонддорун түзүү маселелери боюнча Жарандык коргонуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына талдоо жүргүзсүн; алынган талдоонун негизинде талап кылынган өзгөртүүлөрдү тиешелүү мыйзам актыларына киргизүү боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизсин;

- өрттөрдү баштапкы тергөө жана иликтөө институтун калыбына келтирүү жөнүндө маселени **үч айлык мөөнөттө** улуттук мыйзамдардын талаптарына ылайык чечсин;

- курулуш объекттерин пайдаланууга кабыл алуу боюнча мамлекеттик комиссиялардын ишине өрт коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү көзөмөл органын жана өрттөрдүн алдын алуу жана өчүрүү

үчүн жооптуу органды кошуу маселесин **үч айлык мөөнөттө** карап чыксын;

**- 2017-жылдын аягына чейин** калкты коркунучтуу зоналардан коопсуз жерлерге көчүрүү маселесин чечсин;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн **2017-жылдын 15-сентябрына чейинки мөөнөттө** калкты коркунучтуу зоналардан көчүрүү көйгөйлөрүнө талдоо жүргүзүүгө жана финансылык-экономикалык эсептери жана көчүрүү боюнча зарыл болгон иш-чаралар менен маалыматтардын тиешелүү базасын түзүүгө милдеттендирсин;

**- 2017-жылдын 1-сентябрына чейинки мөөнөттө** конкреттүү аткаруучуларын, иш-чаралардын аткаруу мөөнөттөрүн жана жоопкерчиликтерин көрсөтүү менен Калкты коркунучтуу зоналардан милдеттүү түрдө көчүрүү боюнча иш-чаралар планын иштеп чыксын жана бекитсин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен калкты көчүрүү боюнча иш-чаралар үчүн тиешелүү мамлекеттик органдардын жетекчилеринин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, райондук мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларынын милдеттерин жана персоналдык жоопкерчилигин бекитсин;

**- бир айлык мөөнөттө** 2020-жылга чейин өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда Кыргыз Республикасынын калкынын жана аймактарынын комплекстүү коопсуздугунун стратегиясынын, ошондой эле ага тиркелген Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдарга чара көрүүсүнүн планынын жана Кыргыз Республикасында өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу процессинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын катыштырууга негиз түзүү боюнча 2012-2016-жылдарга иш-аракет планынын аткарылышына талдоо жүргүзсүн, өткөрүлгөн талдоонун негизинде азыркы шарттарды эске алуу менен бул документтерди түзөтүүнүн зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алсын, ошондой эле мөөнөттөрүн, иш-чаралардын аткарылышына жоопту болгон мамлекеттик органдарды көрсөтүү менен бул Стратегияны ишке ашыруунун планын иштеп чыксын;

**- бир айлык мөөнөттө** Жарандык коргонуу системасын башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында органдын жетекчисинин ыйгарым укуктарын күчөтүү жана статусун жогорулатуу бөлүгүндө өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын башкаруу системасына талдоо жүргүзсүн, зарыл болгон учурда **2017-жылдын 1-сентябрына чейинки мөөнөттө** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш киргизсин;

**- эки айлык мөөнөттө** Кыргыз Республикасынын Жарандык коргонуу системасынын жана аны камсыз кылууга тартылган

мамлекеттик башкаруу органдарынын ишинин принциптерин болуп өткөн өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин локалдаштыруу жана жоюу боюнча аракеттерге караганда бүткүл системанын алдын алуучу аракеттерине артыкчылык берүү жагына күчөтүү менен кайрадан карап чыксын;

- **2017-жылдын 1-сентябрына чейин** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин өзүн өзү каржылоо принциптеринде иштеген ведомстволук түзүмдөрүнүн ишинин натыйжалуулугун изилдеп чыксын, финансылык, материалдык-техникалык жана башка ресурстарды кыйла сарамжалдуу пайдалануу үчүн кайра уюштуруу маселесин карасын;

- **эки айлык мөөнөттө** кыймылсыз мүлк объекттеринин менчик ээлерине мамлекеттик каттоого, анын ичинде жөнөкөйлөтүлгөн тартипте каттоого дем берүүнүн чараларын иштеп чыксын жана киргизсин;

- **2017-жылдын 1-сентябрына чейинки** мөөнөттө "Мамлекеттик камсыздандыруу уюму" ААК менен биргеликте табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын болгон учурунда Кыймылсыз мүлктү милдеттүү түрдө камсыздандыруу боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыксын жана бекитсин, ошондой эле кеңири маалыматтык кампанияны жүргүзүүнү жана мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусу менен камсыздандыруу төгүмдөрүн алуунун механизмин колдонууга киргизүүнү карасын.

Өзгөчө коркунучтуу жерлерде жайгашкан турак жайларды камсыздандырууну **2017-жылдын аягына чейин** аяктасын;

- **2017-жылдын аягына чейин** мурда Кыргыз Республикасынын аймагында болуп өткөн табигый кырсыктардын кесепетинен жабыр тарткандардын тиешелүү тизмесине киргизилген адамдарга жеке турак үйлөрдү курууга, реконструкциялоого ипотекалык сертификаттарды жана мамлекеттик субсидияларды берүүнүн маселесин чечсин;

- **2017-жылдын октябрына чейин** алдын алып коргоочу иш-чараларды өткөрүүгө Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигин каржылоону көбөйтүүнү жыл сайын сумманы көбөйтүү менен карасын;

- **үч айлык мөөнөттө** өзгөчө кырдаалдарды жоюу боюнча маселелерди чечүү үчүн куткаруу жабдууларын, машиналарды, механизмдерди, техникалык каражаттарды жана жекече коргоо каражаттарын, ошондой эле бийик имараттардагы өрттү өчүрүү үчүн арналган атайын автомобилдик техниканын эки бирдигин сатып алууну ишке ашырсын;

- **эки айлык мөөнөттө** өзгөчө кырдаалдарды алдын алууга жана жоюуга чыгымдардын өзүнчө беренеси боюнча мамлекеттик

органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын каржылоо жөнүндө маселени карасын;

- **эки айлык мөөнөттө** конкреттүү аткаруучуларды, иш-чаралардын аткаруу мөөнөттөрүн жана жоопкерчиликтерди белгилөө менен Кооптуу табигый көрүнүштөрдү жана процесстерди, ошондой эле мөңгүлөрдү жана бийик тоолуу көлдөрдү изилдөө боюнча иш-чаралар планын иштеп чыксын;

- **2017-жылдын аягына чейин** Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетине караштуу Кыргыз комплекстүү гидрогеологиялык экспедициянын Ош гидрогеологиялык партиясында жер көчкү отрядынын ишин жандандырсын;

- **эки айлык мөөнөттө** Антикоррупциялык саясаттын мамлекеттик стратегиясын ишке ашырууну контролдоо боюнча Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин жумушчу тобу менен өз ара аракеттенип, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн антикоррупциялык жактан туруктуулугун талдоону жүргүзсүн, коррупциялык тобокелдиктерди азайтууга багытталган башкаруучулук чечимдерди ишке ашырсын;

- Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабы менен бирдикте Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин муктаждыктарына ылайык жогорку билим берүүнүн базасында адистерди окутуунун толук цикли боюнча кадрларды даярдоо маселесин иштеп чыксын;

- окуучулардын бардык курактагы топторунда “Коопсуз жашоонун негиздери” предмети жана Кыргыз Республикасынын Жарандык коргонуусун камсыз кылуунун өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү болгон тематика боюнча туруктуу сабактарды киргизүү максатында жалпы билим берүүчү окуу жайларынын 2018-2019-жылдарга жана кийинки окуу жылдарына базалык окуу планын кайра карап чыксын;

- инсандын өзүн өзү коргоо, өз өмүрү, саламаттыгы жана мүлкү үчүн жарандык жоопкерчилик, өзгөчө кырдаалдар шартында аракеттенүүгө даярдык, анын ичинде сергек жашоо, курчап турган чөйрөгө аяр мамиле кылуу, коркунуч менен коштолгон кырдаалдарга аралашуу тобокелдигин төмөндөтүү жана башка принциптерди маданият, билим берүү, коммуникациялар, масс медиа, спорт институттарынын мүмкүнчүлүгү аркылуу мамлекеттик саясатка интеграциялоо маселесин иштеп чыксын;

- **2017-жылдын аягына чейин** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы менен өз ара аракеттенип, министрликтердин, ведомстволордун, мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын балансында турган коргоо курулмаларына инвентаризация жүргүзсүн, анын жыйынтыгы

боюнча алардын пайдаланылышынын регламенттелген тартибин камсыз кылсын (жабдуу, калыбына келтирүү, мамлекеттик менчикке кайтаруу);

- Жарандык коргонууга, өзгөчө кырдаалдардын шартында аракеттенүүгө Кыргыз Республикасынын калкын жана аймагын даярдоого тиешелүү мурда кабыл алынган өзүнүн чечимдерин ишке ашырууну камсыз кылсын.

4. **Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы 2017-жылдын аягына чейин** төмөнкүлөргө көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылсын:

- Кыргыз Республикасынын "Жарандык коргонуу жөнүндө" мыйзамынын 8-беренесинин негизинде өзгөчө кырдаалдар органдары тарабынан берилген жазма буйруктардын жана Жарандык коргонуу жаатындагы көрсөтмөлөрдүн министрликтердин, ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттүү аткаруусуна;

- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана анын аймактык бөлүмдөрү тарабынан Жарандык коргонуу жаатында алардын өз укуктарынын, милдеттеринин жана ыйгарым укуктарынын толуктугу жана ишке ашыруусунун жетиштүүлүгү бөлүгүндө, мыйзам актыларынын талаптарын так жана бир түрдүү аткаруусуна.

5. **Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги**:

- **2017-жылдын аягына чейин** Жарандык коргонуу чөйрөсүндөгү координациялоочу органдын укугунда министрликтин компетенциясына кирген маселелер боюнча министрликтердин жана ведомстволордун аймактык бөлүмдөрү, мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсүнүн деңгээлин көтөрүү боюнча зарыл чараларды көрсүн;

- **эки айлык мөөнөттө** чечимдерди кабыл алуунун, аларды аткаруучуларга чейин жеткирүүнүн оперативдүүлүгүн көтөрүү жана контролду жүргүзүү, ошондой эле башка мамлекеттик органдар жана мамлекеттин жетекчилиги менен так өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу, бюджеттик каражаттарды, адамдык жана материалдык-техникалык ресурстарды натыйжалуу сарптоонун олуттуу көрсөткүчтөрүнө жетишүү максатында министрликтин, анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана ведомстволук уюмдарынын уюштуруу-штаттык түзүмүн жана ички уюштуруучулук процесстерин (анын ичинде Жарандык коргонууну уюштуруу боюнча ыйгарым укуктарды кайра бөлүштүрүүнү) карап чыксын;

- министрликте өткөрүлүүчү кайра түзүүлөрдүн укуктук негиздерин түзүү, комплекстүү пландоо жана башкаруу системасынын ачык-айкындыгын камсыз кылуу максатында орто мөөнөттүү мезгилде

министрликти өнүктүрүү стратегиясын **үч айлык мөөнөттө** иштеп чыксын;

- **2017-жылдын аягына чейин** жана андан кийинки мезгилдерге Кыргыз Республикасынын ар бир регионундагы сезондук, анын ичиндеги экологиялык, техногендик жана аскердик мүнөздөгү тобокелдиктерге жана коркунучтарга ылайык келген тематика боюнча бийликтин жергиликтүү органдарынын орто жана төмөнкү звеносунун жетекчилери, ошондой эле калк менен окууларды пландасын жана өткөрсүн;
- **эки айлык мөөнөттө** кызмат орундарынын ар бир категориясына квалификациялык талаптарды жана ушул кызмат ордуна дайындоонун так тартибин жөнгө салган ченемдик документти иштеп чыксын;
- **2017-жылдын аягына чейин** өзгөчө кырдаалдардын шарттарында (сезонго жараша) жана техногендик аварияларда калкка эскертүү берүүгө жана окутууга багытталган маалыматтык-үгүт иш-чараларын кошумча жүргүзсүн.

6. **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы** кызыкдар болгон мамлекеттик органдардын катышуусу менен комиссия түзсүн:

- **бир айлык мөөнөттө** Кыргыз Республикасында курулган жана курулуп жаткан бийик имараттардын өрткө каршы коопсуздугуна, анын ичинде өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келбеген курулуш жана сырткы бетин каптоо материалдарын колдонуу предметине текшерүү жүргүзсүн;
- иштин жыйынтыгы боюнча мыйзамдардын жана техникалык регламенттердин талаптарына ылайык курулуш объекттерин өрткө каршы коопсуз абалга келтирүү боюнча чараларды көрсүн, ал эми өрт коопсуздугунун талаптарын одоно бузуу аныкталган учурда тиешелүү лицензияларынан ажыратуу жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга белгиленген тартипте сунуштарды киргизсин.

7. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгына жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Президенти,**
**Кыргыз Республикасынын Коопсуздук**
**кеңешинин төрагасы** **А.Ш. Атамбаев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Коопсуздук кеңешинин**
**катчысы** **Т.К. Джумакадыров**